**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЙ МУРАС ИНСТИТУТУ**

**Диссертациялык кеңеш Д.07.16.528**

***Кол жазма укугунда***

**УДК: 94 (574). 084-058 1930/1950**

**АХМЕТОВ АЛИБЕК КАНАПИЯНОВИЧ**

# СССРдеги БМСБ – ЭИИК ИИМдин Казакстан аймагындагы эмгек түзөтүү лагерлериндеги кылмышкерлердин жумуш күчүн пайдалануу (XX кылымдын 1930-1950-жылдары): тарыхый аспект

**Адистиги: 07.00.02. – Ата Мекен тарыхы**

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

**Бишкек – 2017**

**Диссертациялык иш И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин психологиялык-педагогикалык жана гуманитардык дисциплиналар кафедрасында аткарылды**

**Илимий жетекчи:** тарых илимдеринин доктору
**Ормушев Асан Сулайманович**

**Расмий оппоненттер:** тарых илимдеринин доктору,профессор
**Арзыматова Айнура Атыгаевна**

тарых илимдеринин кандидаты
**Абдрахманов Болотбек Джумашевич**

**Жетектөөчү мекеме:** Х.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин "Кыргызстандын жана Чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы" кафедрасы
Дареги: Бишкек шаары, Тынчтык көчөсү, 27

Диссертация 2017-жылдын "30" июнунда саат 14.00-дө И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын тарых жана маданий мурас институтунун алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д.07.16.528. Диссертациялык Кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720026, Бишкек шаары, И.Раззаков көчөсү, 51-а.

Диссертация менен И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот.
**Дареги:** 720026, Бишкек шаары, И.Раззаков көчөсү, 51-а. Диссертациянынжана авторефераттын толук текстти «arabayev.kg» сайтында жайгаштырылган.

Автореферат 2017-жылдын "30" майында таркатылды.

**Диссертациялык Кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**тарых илимдеринин**
**доктору, профессор** **Н.У.Курбанова**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ.

**Теманын актуалдуулугу**СССР-дин курамына кирген Казакстандын аймагындагы XX кыл. 30-50 жж. эмгек түзөтүү лагерлериндеги репрессияга кабылып – мамлекет тарабынан айыпталган кылмышкерлердин эмгегин пайдалануунун тарыхын изилдөөгө шартталган.Андыктан камактагы кылмышкерлердин эмгегин өнөр жай өндүрүшүндөпайдалануу жөнүндөгү маалыматтар бири-бирине карама-каршы жана татаалдыгы бул диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугун тастыктайт.

Жаңыдан түзүлгөн Совет мамлекетинин астында көптөгөн максаттар турган. Индустриализация, айыл чарбаны коллективизациялоо үчүн көптөгөн кара күч зарыл болгон. 1924-1925 жж. аскердик реформасы армиянын катарынан көптөгөн аскерлердин бошонуп келиши менен белгилүү. Совет өкмөтү аларды кара күч катары колдонууга багыттаган. Бирок, өлкөдөгү элдин кара күчү жетишсиз болгондугуна байланыштуу, өлкөнүн пенитенцианардык системасынын потенциалын колдонууга көз артылган.

Жаңыдан бутка туруп жаткан тоталитардык саясий режим өлкөдөгү камакта жаткан миңдеген адамдардын кара күчүн колдонгонго мүмкүнчүлүк берген. 30-50-жж. массалык репрессиялар камактагылардын санынын өсүшүнө мүмкүнчүлүк түзгөн. Тоталитардык мамлекеттин жазалоо органдарынын структуралык бөлүмү катары ГУЛАГ системасында камактагылардын эмгегин ири колдонуу ыкмасы кеңири масштабда ишке ашкан.

Репрессиялардын жана камактагылардын эмгегин колдонуу тарыхын изилдөөсү 80-жж. башталган. Архивтерде ачылган жаңы документтер Сталин мезгилдеги репрессиялардын маңызын түшүнүүгө өбөлгө түзгүн.

Казакстанда бүгүнкү күнгө чейин эмгек-түзөтүү лагерлериндеги камактагылардын эмгегин мажбурлоо жолу менен пайдалануу жөнүндөгү илимий эмгектер жалпы гана түшүнүк берүү менен чектелип, толук илимий изилдөө жүргүзүлбөгөн. Бул илимий эмгкетерде эмгек-түзөтүү лагерлерин уюштурулушу тууралуу жалпы түшүнүктөр берилгени менен, өлкөдөгү ГУЛАГ-тын объектилериндегикамактагылардын күч эмгекин мажбурлоо менен колдонуу тууралуу толук маалыматтар камтылган эмес.

Бул илимий изилдөө иши лагердеги катаал режимди, күнүмдүк турмуштун төмөңкү деңгээлин, турак-жайлардын жана медициналык мекемелердин шарттарын, камактагылардын укугунун бузулушу, нравалык жактан алсызданышын ачыкка чыгара турган архивдик жана купуя материалдарды изилдөө сыяктуу маалыматтарды камтыгандыгы менен чоң мааниге ээ. Ошондуктан, бул көйгөйлөрдүн натыйжалуулугун изилдөө, Казакстанда 1930-1956-жылдары эмгек-түзөтүү лагериндеги камактагылардын эмгегин мажбурлоо менен пайдалануу маселелерин изилдөөсү актуалдуу болуп турат.

Лагердик башкаруунун өзгөчө ыкмаларын, социалисттик экономикага тийгизген таасирин, камактагылардын жашоо шартынын жана медициналык камсыздоонун төмөндүгүн, кылмышкерлерге жасалган одоно мамилелерди архивдик документтердин негизинде иликтөө чоң кызыгууну жаратат.

Бул илимий маселе  окумуштуулар тарабынан көп жылдар бою иликтөөгө алынган эмес, ал эми Казакстанөз алдынча эгемендүү мамлекет болгон мезгилден тарта өткөн тарыхтын оор мезгилдери өсүп келе жаткан муунга таассир тийгизген маселени ачуу жана аны изилдөө диссертациянын актуалдуулугун белгилейт. Ошону менен бирге ошол мезгилдердин ачуу сабактарын, күнөөсүз репрессияга кабылгандардын, эмгек-түзөтүү лагерлериндеги оор запкынын экинчи кайталанбас үчүн жаңы сунуштарды берүүгө мүмкүндүк түзүсү менен актуалдуу болуп эсептелет.

**Диссертациянын изилдөө обьектиси** болуп сталиндик доордогу заманбап Казакстандын аймагындагы лагердик жана колониялык  эмгек-түзөтүү жана эмгек системасын изилдөө болуп эсептелет.

**Эмгектин изилдөө предмети** катары Казакстандын аймагындагы эмгек лагерлердеги жана колониялардагы камактагылардын күчүн мажбурлап пайдалануу системасынын жүрүшү, өнүгүшү жана генезис болуп эсептелет.

**Диссертациялык иштин башка илимий программалар  менен болгон байланышы.** Диссертация автордун жеке демилгесименен жазылды.

**Методология.** Изилдөөнүн негизин  жалпылай тарыхый жана накталай иликтөө методдорунун комплекстүү берилүүсү түзөт. Диссертациялык иштин методологиялык негизин чындыкты диалектикалык ыкма менен билүү жана тарыхый принциптер түзөт.

**Изилдөөнүн максаты.** Диссертациянын максаты  - Казакстандын өнүгүү жана кризис мезгилиндеги (1930-жылдардын соңу жана 1950-жылдардын ортосу),  СССРдеги БМСБ – ЭИИК ИИМдин лагерлериндеги камактагылардын эмгегин мажбурлап пайдалануунун ыкмаларын толук иликтеп чыгуу.

*Эмгектин максатына ылайык төмөнкү милдеттер коюлган.*

- Казакстандын аймагында эмкек түзөтүү лагерлеринин (ЭТЛ) уюштуруунун жана калыптандыруунун себептерин аныктоо.Лагердик контингенттердин түзүлүшүн, ыкмасын, көлөмүн жана натыйжалуулугун изилдеп чыгуу
- Казакстандын мисалында, камактагылардын эмгегин  массалык түрдөмажбурлап пайдалануунун себебин жана анын мамлекеттин экономикасынын өнүгүшүнө тийгизген таасирин иликтөө. Лагердегилердин эмгегин мажбурлоо жолу менен пайдалануунун көп жылдарга чейин сакталуусунун себептерин жана эмгек лагерлеринин жоюлушунун шарттарды иликтөө.

- Эмгек түзөтүү лагерлериндеги саламаттык сактоо кызматынын абалын жана камактагы оруларды дарылоо, айыктыруу, дары-дармектер менен камсыздоо, медициналык кызматкерлердин профессионалдык деңгелин аныктоо.
- Камактагылардын эмгегин мажбурлоо менен пайдаланууну уюштуруунун өзгөчөлүктөрүн жана принциптерин ачыкка чыгаруу, лагердик тартиптин жана өндүрүштүн бири-бирине тийгизген таасирине, хронологиялык ишке тиешелүү ар кандай мезгилдердеги лагердик эмгекти стимулдап туруусун тактоо.
- Камактагыжогорку квалификациялоо адистердин ойлоп табуучулук иштерге катышып, илимий изилдоочу институттар, лабараториялар, согуштук курал жарактарды сыноочу полигондордогу кызматкерлер жана туткунга тушкон чет олколук илимпоздор менен биргилекте иштөөнүн натыйжаларын, лагердеги өндүрүштү жана экономикалык иш аракетти иликтөө, лагердик өндүрүштүн натыйжалуулугуна илимий баа берүү;
- Казакстандагы эмгек түзөтүү лагерлериндеги өнөр жай ишканаларында, айыл чарба өндүрүшүндө иштеген камактагылардын эмгек өндүрүмдүүлүгүн көтөрүүдө, ылдамдатылган мөөнөттө жеңилдетилген режимге которуу, шарттуу түрдөмөөнөткө чейин бошотуу сыяктуу ыкмаларын аныктоо;
- Советтер Союзундагы ГУЛАГтын күнөөсүз адамдырды айыптап, эмгек түзөтүү лагерлеринде мажбурлап иштетүүсү СССРдин мыйзамынын негизинде ишке ашырылышын, ар кайсы мезгилдердеги лагердик системадагы контингенттердин иштешинин шарттарын аныктоо.

**Изилдөөнүн тарыхнаамасы.** Казакстандын территориясында СССРде ГУЛАГдын пайда болуу тарыхы жана иштөө системасы Совет мезгилинде эле башталган, бирок эң негизги себеп изилдөө үчүн булактардын жетишсиздиги жана изилдөө мүмкүнчүлүгү чектелгендиги болгон.

Бул теманы изилдөөдө ошол убактагы архивдик материалдардын жеткиликтүүсү менен жана ошондой эле ал жакта иштеген камактагылардын жана лагер кызматкерлерден маалымат топтоо менен гана чектелген.

Кайра куруу жылдарында жана СССР кулаган мезгилинде изилдөөчүлөр жашыруун архивдик материалдарды карап чыгууга мүмкүнчүлүк алышкан.

СССРде ГУЛАГды изилдөө жана пайда болуу жылдарында бул проблеманы изилдөөдө өтө чоң тажрыйба пайда болду. Көпчүлүк изилдөөчүлөр, лагердик экономиканы тарыхын иликтешип, ал эми чет өлкөлүк окумуштуулар лагердик системанын жана сталиндик куугунтуктоо саясатына мүнөздөмө беришип, камактагылардын шарттуу динамикасына, санына, сапатына байкоо жүргүзүшкөн.

1990-жылдардын экинчи жарымында Казакстан аймагындагы эмгек-түзөтүү лагерлери изилдене баштаган. Диссертациянын автору Батыш Европадагы, АКШдагы, Россия Федерациясындагы, Кыргызстандагы, Казакстандагы окумуштуулардын илимий эмгектерин анализдеп, изилдөөгө ылайык жыйынтык чыгарды. Андыктан бул багытта изилденип жаткан теманын тарых намасынын чагылдырылышы төрт бөлүккө бөлүнүп изилдөөгө алынды.

*Биринчи бөлүктө* Россиялык окумуштуулардын эмгектерине анализ жүргүзүлдү. Лагердик экономика жөнүндөгү көйгөйлөрү Россиянын тарыхчы изилдөөчүлөрү аркылуу жакшы маалыматтар менен сүрөттөлгөн, мында сталиндик репрессия жана лагердеги түзүлүш сүрөттөлөт, кылмышкерлердин сандык жана сапаттык өзгөчөлүктөрү өндүрүш чарбасындагы алардын ролу чагылдырылат.

Жыйынтыгында өткөн жүз жылдыктын 90-жылдардын орто ченинде россиялык окумуштуу изилдөөчүлөр тарабынан көптөгөн маалымат, материалдар, документтер топтолуп басылып чыкты. Мисалы, изилдөөчүлөр В.Н. Земсков [24], А. Н. Дугин [25], В.В. Цаплин[26], Г. М. Иванова [27] өз эмгектеринде мурда белгисиз болгон, жашыруун деп эсептелген маалыматтарды жарыялашкан, анда камактагылардын сандык жана сапаттык өзгөчөлүктөрү кеңири изилденген. Өзгөчө Советтер Союзу учурунда камактагылардын эмгегин эл чарбасында мажбурлоо жолу менен пайдалануунун механизмин жана ролун ачышкан.

Эмгек-түзөтүү лагерлеринин жана кылмышкерлердин тарыхы тууралуу басылмалар чет элде да басылып чыккан, албетте ал СССРдин С. П. Мельгунов [8], И. Солоневич [9], Д. Далин, Б. Николаевский [10] жана башка эмигранттардын демилгеси менен жарыкка чыккан.

Сталиндик лагерлердик түзүлүштү толук ачып берүүгө адабий-публицистикалык формада В. Шаламов [14], О. Волков [15], Л. Разгон [16] аттуу инсандар аракет жасашкан.

Россиялык окумуштуулар Б. С. Утевскийдин [2], Е. Г Ширвиндттин [3], Кесслердин [4] жана башкалардын эмгегинде кылмышкерлерди жазалоонун зарылдыктары негизделген укуктук маселелерге көңүл бурушкан.

*Экинчи бөлүктөгү* изилдөөчүлөргө Казакстандык илимпоздордун эмгектери иликтенди. Казакстандын аймагындагы XX кылымдын 30-50-жылдарындагы Советтик мамлекеттин репрессилык саясаты жазалоо органдарынын ишмердүүлүгү, ГУЛАГ системасындагы, камактагыларды эмгекке пайдалануу өзгөчө оңдоп-түзөө лагерлериндеги камактагылардын эмгегин мажбурлоо жолу менен пайдалануу ыкмасы, ошону менен бирге эмгек-түзөтүү лагери, Казакстандын окумуштуулары үчүн зор кызыгууну жаратты.

Алсак, Ж.Б. Абылхожин [40], Г.А Жумасултанова [41], М.К. Козыбаева, К.С. Алдажуманов [42], А.Р. Кукушкина [43],

Д.А. Шаймухановменен С.Д. Шаймухcórанын[44] тарабынан жазылган тарыхый эмгектерге теориялык жактан анализдөө жүргүзүлгөн.

Акыркы жылдары А.К. Ахметов тарабынан эмгек-түзөтүү лагерлериндеги камактагылардын эмгегин мажбурлоо жолу менен пайдалануу ыкмалары тууралуу көптөгөн илимий макалалары Казакстан менен Кыргызстандын илимий журналдарда жарык көрдү.

*Үчүнчү бөлүктө* Кыргызстандагы 30-жылдардагы массалык репрессиялар жана коргоо органдарынын тарыхы тууралуу А. Жакишев, З. Курманов, У.Бегалиев, Б.Абдрахманов жана Т.Разаковдун [46] эмгектеринде кеңири изилдөө жүргүзүлгөн.

Бул багытта тарых илимдеринин доктору профессор З. Курмановдун илимий иштерин баса белгилей кетсек болот, анын негизги изилдөөлөрү Кыргызстандагы Совет бийлигинин алгачкы жылдарындагы маанилүү саясий бийликтин процесстерине, ошондой эле Сталиндик режимдин репрессиясында каардуу жылдардагы интеллигенциянын оор турмушуна арналган. Тарых илимдеринин доктору, профессор А.Жакишевдин жана тарых илимдеринин кандидаты У.Бегалиевдин эмгектеринде ички иштер органдарынын коомдук тартипти жана кылмыштуулук менен күрөшүү иштери Совет бийлигинин мезгилинде калыптангандыгы изилденген.

Кыргызстандагы коопсуздук комитетинин уюшулушу жана калыптанышы жана 30-жылдардагы массалык репрессия жана саясий куугунтуктар тууралуу Б. Абдрахмановдун, Т.Раззаковдун эмгектери архивдик материалдардын негизинде жазылган.

*Төртүнчү бөлүктө* чет элдик окумуштуулардын эмгеги каралды. Эмгек-түзөтүү лагерлериндеги кылмышкерлердин эмгегин мажбурлоо жолу менен пайдаланаудагы көйгөйү, жалпысынан алганда СССРдин тарыхтагы бул системасы чет элдик окумуштуулардын кызыгын арттырды. Мисалы, СССРдин укуксотунун тарыхы батыштын көрүнүктүү окумуштуусу П. Соломондун [11] эмгегиннин обьектиси болду.

Америкалык изилдөөчү Р. Конкевстин «Чоң террор» [12] эмгегинде 1930-жылдардагы СССРдеги террор иликтенген. Мында бирдиктүү коом түзүү максатында экономикалык жана социалдык стабилизациялардын турукташуунун колдонулушу, революциянын өтө катаал көрүнүшүнө, жарандык согушка жана экономикалык жардылыкка алып келген советтик бийликтин алгачкы жылдарындагы кызыл террор берилген.

Чет элдик окумуштуу Т. Клиффтин көз карашында камактагылардын эмгегин мажбурлоо жолу менен колдонуу бул – жумуш колунун жана капиталдын жоктугунан улам келип чыкканын белгилейт [21].

Башка иликтөөчү С.Шварцтын иликтөөсүндөСССРдеги лагердик түзүлүштүн көбөйүшү жана өнүгүшү каралган. Анын оюнда камактагы кылмышкерлердин жардамы менен экономикалык курулуштардын проекттери ишке ашкан, бул эркин эмгекчилердин колунан мынчалык кыска убакыттын ичинде келмек эмес, бул долбоорлор - адамдык

кырсыктарга алып келген да экономикалык жактан эч кандай актоо жок [22].

Ата Мекендик жана чет элдик окумуштуулардын эмгектериндеги жүргүзүлгөн историографиялык анализдеринин жыйынтыгында Казакстандын аймагындагы эмгек-түзөтүү лагерлериндеги жана кылмышкерлердин эмгегин пайдаланууга арналган комплекстүү илимий эмгектердин жоктугу далилдеди.

**Иликтөөнүн илимий жаңылыгы** болуп төмөнкүлөр эсептелет:

-Казагыстандын аймагындагы эмек түзөтү лагерлерин уюштуру жана калыптандыруу себептерин, камактагылардын эмгегин мажбурлап пайдалануунун ыкмаларын алгачкы жолу компоекстүү түрдө изилдөөгө алынышы.

- диссертациянын жаңылыгы автордун буга чейин кеңири илим чөйрөсүндө али камтыла элек архивдик жана башка булактардагы фактыларды колдонулушу;

- Казакстандын аймагында жайгашкан эмгек түзөтүү лагерлердеги камактагылардын эмгегин мажбурлоо жолу менен пайдалануу системасы биринчи жолу атайын иликтөөгө алынышы;

- Республиканын экономикасын өнүктүрүүдө эмгек түзөтүү лагериндеги камактагылардын эмгек күчүн арзан пайдалануунун ролунун көрсөтүлүшү;

- Советтик жазалоо органдарынын буйруктары жана чечимдери казакстандын эмгек түзөтүү лагерлериндеги камактагыларды башкарууда аткарылышы биринчи жолу иликтенди;

- эмгек-түзөтүү лагерлериндеги камактагылдардын эмгегин мажбурлоо жолу менен пайдалануу системасынын экономикалык жана социалдык ролун аныктоо, аны менен катар эмгек-түзөтүү лагерлерине тийгизген таасири.

**Эмгектин илимий – практикалык мааниси** диссертант тарабынан жыйналган жана анализденген маалыматтар нормативдик укутарды калыбына келтирүүгө жол берет, эмгек-түзөтүү лагерлериндеги кылмышкердердин эмгегин мажбурлоо жолу менен пайдаланууну калыпка салуу, иликтөөдө каралган убакыттын ичинде аларды пайдаланаудагы негизги өзгөрүүлөрдү кароого мүмкүнчүлүк берет.

- Советтик мамлекеттин жана СССРдин ГУЛАГ БМСБ – ЭИИК ИИМнын тарыхын иликтөөдө жардам бере алат.

- Казаксандын тарыхын окуп үйрөнүүдө лекциялык жана семинардык сабактар учурунда, музейдеги буюмдарды түзөөдө көмөк берет.

**Диссертацияны жактоодогу коюлуучу негизги жоболор:**

Нормалык-укутук негиздерди изилдөө, эмгек-түзөтүү лагерлериндеги кылмышкерлердин эмгегин мажбурлоо жолу менен колдонууну колго алган түзүлүштүн жумушу төмөнкү жоболорду чыгарууга негиз болду:

1. Казахстандын аймагында эмкек түзөтүү лагерлерин (ЭТЛ) уюштуруунун жана калыптандыруунун себептерин тастыктоо менен, лагердик контингенттердин жана камактагыларынын санынын өсүшүн статистикалык маалыматтарга таянуу менен изилдеп чыгуу.

2. Эмгек-түзөтүү лагерелериндеги кылмышкерлердин эмгегин мажбурлоо жолу менен пайдалануу Советтер Союзунун тоталитардык режимге өтүүсүнүн ачык көрсөткүчү катары көргөзүү.

3. Эмгек-түзөтүү лагерлериндеги кылмышкерлердин эмгегин мажбурлоо жолу менен пайдалануудагы укуктук негиздердин өзгөрүшү жана анын Советтик мамлекетте болуп жаткан кaрателдик саясатка төп келиши.

4. Эмгек-түзөтүү лагериндеги оор абал: турмуш-тиричиликтин канааттандырбаган шарттары, жетишсиз тамак-аш, дарылоо-алдын алуу мекемелерининтөмөнкү деңгээли.

5. Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында Карагандыдагы жана Жезказгандагы эмгек лагерлеринин өндүрүшүн советтик аскерлерди ок-дары менен камсыз кылууга ылайыктап түзүү.

6. Эмгек-түзөтүү лагерлеринде иштеген кылмышкерлердин айыл-чарба багытында жана дың жерлерди өздөштүрүүдө кошкон салымы.

7. Жогорку адистиги бар камактагылардын катышуусунда эмгек-түзөтүү лагерлеринде илимий-изилдөө иштери жүргүзүлгөн.

**Диссератациянын хронологиялык алкагы.** Изилдөөнүн хронологиялык алкагы XX кылымдын 30-50-жж. менен чектклген

**Диссератациянын булактык базасы.** Маалымат булактары менен иштөөдө автор көбүнчө критикалык анализ, татаалдык жана жалпылык принциптерине теманы ачык-даана ачып буруу үчүн көп көңүл бурган. Тарыхый илимге ылайык классификацияланган маалымат булактарын төмөнкүдөй бөлүп кароого болот:

- *Ченемдик укуктук актылар*. Бул - эмгек-түзөтүү жана эмгек кодекстери, камактагылардын эмгегин жана режимин көзөмөлдөөчү инструкция жана жоболор, ошондой эле жаңы режимди киргизүүчү жана лагерьден бошотуу жөнүндөгү указдар. Жазылып чыккан документтер ГУЛАГдагы камактагылардын эмгегин мажбурлап пайдалануу менен байлашыштуу [22] .

- *Архивдик булактар*. Казакстан Республикасынын Президентинин Архивинен, Караганда, Акмолин областарынын мамлекеттик архивинен, Джезкаган шаардык архивинен, маанилүү маалыматтар Россия Федерациясынын архивинен алынган, ал жерде СССРдеги ГУЛАГ БМСБ – ЭИИК ИИМтин экономикасындагы жана камактагылардын эмгегин күч менен пайдалууга тийиштүү негизги материалдар камтылган. Жыйынтыгында жашыруун архивдик материалдарга кирүүгө мүмкүндүк алууга уруксат берүүнүн натыйжасында сталиндик кылмышкерлердин

эмгегин күч менен пайдалануу системасы тууралуу көптөгөн материалдар жыйналды.

- *Документалдык материалдар.* Буларга советтик жана партиялык басылып чыккан документтер кирди беш жылдык план түзүү боюнча директивалар, СССРдин элдик айыл чарбасынын өнүүгүүсүнүн пландары жана башкалар декреттер, эрежелер, мыйзамдар, указдар, СССРдин тушундагы эмгекти күч менен пайдалануунун системасын түзгөн директивалар кирет;

- *Басма сөздүн материалдары.* Өзгөчө кызыгуу жараткан материалдар Акмоло, Караганда облустарындагы гезиттердеги маалыматтар жана «Казакстанская правда», «Лениншил жас» республикалык гезиттерден алынган. Мындан сырткары «Правда», «Известия» жана «Комсомольская правда» гезиттеринен, «Административный вестник» же «Вестник народного комиссариата внутренних дел», «Еженедельник советской юстиции», «Военно-исторический журнал», «Извести ЦК КПСС» журналдарынын маалыматтары терең изилденип алынган.

- *Өздүк маалымат булактары.* Буларга мемуарлар, эскерүүлөр, оозеки аңгемелешүүлөрдүн жазылып алынышы, камактагылардын лагердеги жазмалары, элдин каттары жана адабий чыгармалар.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы** катары бул изилденип жатакан илий изилдөө Казахстандын тарыхнаамесинде алгачкы жолу ар тараптуу изилдеши. Анын баалуулугу бул теманы иликтөөдөгү кезиккен ар кандай багыттагы жана ар кандай маанидеги тарыхый булактарды жана адабиятарды иликтеп жана анализдеп чыккандыгында:

**Иликтөөнүн жыйынтыгын апробациялоо.** Диссертациянын кол жазмасы Казакстан респубилкасынын илим жана билим Министрлигинин Тарых жана Этнология Институту тарабынан жана И.Арабаев атындагы КМУнун М.Р.Рахимова атындагы кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунда талкууланып, коргоого сунушталган.

Диссертациядагы жоболор, жалпы жана жеке натыйжалар республикалык жана эл аралык илимий-теориялык жана илимий-практикалык конференцияларда илимий баяндамаларда угулган. Өзүнчө маалыматтар Казакстандагы «Кокше» жана Казакстандын инженердик-техникалык университетинин студенттери менен талкууда ортого салынган.

**Басылмалардагы диссертациянын натыйжасынын толук чагылдырылышы.** Диссертациянын негизги жыйынтыктары Кыргызстандын жана Казакстандын басылмаларында 11 илимий макала басылып чыккан.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертация киришүүдөн, эки баптан, корутунду, пайдаланылган адабияттардан.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Биринчи бапта «1930-1950-жылдардагы ГУЛАГ системасындагы кылмышкерлердин эмгегин мажбурлоо жолу менен пайдалануу уюму»** деп аталып, үч бөлүктөн турат.

**Биринчи баптын биринчи бөлүгүндө«Казакстандын аймагында СССРдин ГУЛАГсистемасынын пайда болушу»**-деп аталып, анда кылмышкерлердин эмгегин мажбурлоо жолу менен пайдалануу уюмунун нормативдик-укуктук негиздери каралат. Айта кетчү нерсе ГУЛАГдын тарыхы кылмышкерлердин советтик экономикадагы эмгегин күч менен пайдалануусу менен тыгыз байланышта. Советтер Союзунда кылмышкерлердин эмгегин күч менен пайдалануу жөнүндө көп маалыматтар табылган. Мисалы, «Мажбурлоо жолу менен иштетүү лагерлери жөнүндө» жобосу 1919-жылы 17-майда ВЦИКтин жобосу менен бекитилген. Мындан кийин 1929-жылы 11-июлда СССРдин Совнаркомдун «Кылмышкерлердин күчүн пайдалануу» жобосундаЭИИКке Ухта жана башка Советтик райондордогу лагерлеринен пайда табуу жана байлыкка умтулуу максатында көбөйтүүнү талап кылып, тапшырма берилген.

1929-1931-жылдары СССРдин аймагында эмгек-түзөтүү лагерлеринин уюшулганына байланыштуу лагерлерде мажбурлоо менен эмгекке тартышкан. Ушу сыяктуу лагерлер биринчи болуп Казакстанда түзүлгөн (Карлаг-Караганда лагери).– ГУЛАГдын системасындагы эмгек-түзөтүү лагерлердин эң ириси Карагандадагы лагер эсептелген. Бул эмгек лагерлерин куруунун негизги максаты болуп Борбордук Казакстандагы көмүр металлургия өнөр жайы өнүгүш үчүн ири тамак-аш жана өндүрүш базасын түзүү менен Караганда таш көмүр бассейинин, Жезказгандык жана Балкашда темир эритүү комбинаттарын түзүү болгон. Ошондой эле Казакстандагы дың жерлерди өздөштүрүү менен бул аймакта азык-түлүк өнөр-жай комбинаттарын куруу да каралган.

**Биринчи баптын экинчи бөлүгү«ГУЛАГ эмгек-түзөтүү лагерлериндеги кылмышкерлердин эмгек күчүн пайдалануунун негизги принциптери жана өзгөчөлүктөрү».**

ХХ кылымдын 30-жылдарындагы ИТУнун өнүгүүсүн кароодо камактагылдарды иштетүү тартиби толугу менен кайрадан жаңыланып өзгөрүлгөн. Аймактык-башкаруу ыкмасынын ордуна өндүрүштүк жана экономикалык тармак боюнча башкаруу ыкмасы киргизилген. Кылмышкерлердин эмгеги өлкөнүн табигый байлыктарын өндүрүүгө жумшалган, ал кен байлыктар экономиканын өнүгүүсүнө түрткү болгон, бирок арзан жумуш күчү дагы эле жетишсиз болгон.

Согуштун алдыңкы жылдарында ГУЛАГ системасында Главпромстрой, Главспецстрой, ГУДЖС, ГУШОСДОР, Дальстрой, Главспеццветмет, Главасбестсыяктуу тармактар иштеген. Көпчүлүк башкаруулар анын ичиндеги шахталарды жана ишканаларды куруу кичибөлүктөрү структуралык аналогиялык тармактардан өтө айырмаланган

эмес. Уюштуруу түзүлүштөрү кылмышкерлердин эмгегин мажбурлоо жолу менен колдонгондугу менен гана айырмаланган. Ошондуктан өндүрүштүк-техникалык уюштуруу иштерин башкарган кызматкерге кошумча түрдөкылмышкерлердин эмгегин мажбурлоо жолу менен пайдалануу ыкмасы менен тыгыз болгон режимдик жана спецификалык жумуштарды ошондой эле маданий-массалык иштерди аткаруу да тапшырылган.

Улуу Ата Мекендик согуштун башталышы менен эмгек-түзөтүү лагерлериндеги өнөр-жай ишканалары өлкөнү коргоо багытына ылайыкташтырылган. СССРдин Элдик Комиссарлар Кеңеши согуштун алгачкы айларында ГУЛАГ үчүн алыскы тылдагы биринчи сактануу иштерине негизделген жумуштарды тапшырган, бул кылмышкерлердин биринчи жерден экинчи жерге көчүүсүнө негиз болгон. Согуш учурунда эмгек-түзөтүү лагерлериндеги кылмышкерлер фронт үчүн иштөө үчүн башка жерлерге көчүрүлүгөн, ал эми башкалар болсо элдик чарбаны сырье жана башка согушка керек болгон материалдар менен көбөйтүү тапшырмасын алышкан. Эмгек-түзөтүү лагерлерине өтө аз убакыттын ичинде: бомбаларды, снаряддарды, миналарды жана башка согуш куралдарды өздөштүрүү тапшырылган.

ГУЛАГ 1943-жылы кабыл алган милдеттемелердин өз убагында аткаруу боюнча лагерлердин жана мекемелердин өндүрүштүк өнүгүүсүнөмүмкүндүк берүү менен өндүрүштүк планды 104 % ын аткарууга 82 мм. минаны чыгаруу эки эсегеөсүп жана 120 мм. мина беш эсе өскөн.

Вольфрамдын, молибденди, сейрек кездешүүчү металлдардын, жездин, никелдин, калайдын кубаттуулугун өндүрүү боюнча ири өндүрүштүк ишканалар иштеген. Темир жана шоссе жолдор курулган.

Гитлердик Германия менен болгон согуш аяктаган соң 1945-жылдын 7-июлунда чыккан СССРдин Жогорку Кеңешинин президиумунун «Амнистия жөнүндө» аттуу указы менен эмгек лагерлерден жана колониялардын 301260 адам бошотулган, булар жалпы камактагылардын 20% түзгөн. Казак ССРнин ЭТЛ кичибөлүмүнөн 15217 адам бошотулса, анын ичинен 3963 адам медициналык көрсөткүчтүн негизинде бошотулган. 1945-жылдын аягында колониялар 53төн 22ге чейин азайган[11]. Өтө татаал кырдаалга Карагандалык ЭТЛ учурады, ал жерде амнистия учурунда 58179 адам болгон, контингенттин 20% росконвоированныйлардын катарына кошулгандыктан амнистиянын себебинен бошотулган, бул чарба иштерине чоң залакасын тийгизген[12].

Кылмышкерлердин эмгегин мажбурлоо жолуменен колдонуу согуштан кийинки жылдары көбүнчө СССРдин Кеңеш Министирлигинин атайын жобосу менен ишке ашкан, ал жоболорду аткарууда жаңы эмгек лагерлерди эле куруу менен гана чектелбестен кошумча жумушчу күчтү тактоо жагы да каралган.

Бул этаптын башталышы мамлекеттеги кылмышкерледи жазалоо саясатынын радикалдуу түрдө өзгөрүү учуруна туш келген, ал 1954-жылы СССР ИИМ тарабынан даярдалган «Эмгек-түзөтүү лагерлери жана колониялар жөнүндөгү» жобо менен бекитилген. Жаңы шарттар кылмышкерлердин убакытын өтө маалындагы алардын ролун ашачабуу менен колдонгонго алып барган.

50-жылдардын ортосунда мурдагы эмгек лагерлерди жоюуга байланыштуу, жаңы колонияларды уюштуруу менен өндүрүштүк ишканаларды кылмышкерлердин эмгегин пайдалануу каралган.

**Биринчи баптын үчүнчү бөлүгү «Эмгек-түзөтүү лагерлериндеги (ЭТЛ) саламаттык сактоо кызматы» деп аталат.** Эмгек лагерлериндеги өндүрүштү өнүктүрүүдө иштеген кылмышкерлердин ден-соолугун сактоо башкы маселелердин бири болгон.

1924-жылы РСФСРдин эмгек-түзөө боюнча кабыл алынган кодексте эмгек лагерлериндеги кылмышакерлерге медициналык жардам көрсөтүү белгиленип берилген, анда оорулуу кылмышкерлер үчүн атайын жерлерди бөлүп берүү каралган. Кийинчерээк ГУЛАГдын санитардык кызматы иштей баштайт, анын милдетине кылмышкерлердин ден-соолугун сактоодо чоң роль ойногон эмгек регламентин түзүү;кылмышкерлердин даарылоого багытталган ар кандай иш-чараларды уюштуруу;кылмышкерлердин ден-соолугун көзөмөлдөп туруу;ооруну, өлүмдү азайтуу жана эпидемиялык ооруларды кантип жуктуруп албоо керектиги тууралуу иш-чараларды өткөрүү;даарылоо жана айыктыруу жерлериндеги жумуштун жүрүшүн көзөмөлдөө;дарыгерлердин өз кесибинде квалификациясын жогорулатуу жана башкалар кирген[17].

Архивдеги маалыматтар билдиргендей ГУЛАГдын санитардык кызматындагы жумуштун жүрүшү төмөндөгүдөйтүзүлгөн: камактагылардын жашоошарттары канаатгандырарлык эместиги, тамактын жетишсиздиги, оор жумуштарды аткаруу, аны менен катар кылмышкерлердин жалпы абалынын начардыгы, авитаминоз, дистрофия сыяктуу оорулар менен ооруу, ошондой эле жугуштуу оорулар, ар кандай жаракаттар, оорулардын күчөшү, техникалык жана медициналык керектөөлөрдүн жоктугунан жана дарыгерлердин квалификациясынын төмөндүгүнөн оорулууларды айыктыруу шарттары азайган.

БМСБ ЭИИК лагерлериндеги санитардык кызматтын начар иштөөсүнүн натыйжасында кылмышкерлердин өлүмү көп катталган.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында эмгек-түзөтүү лагерлеринде медициналык жактан тейлөөкызматтары жөнгө салынган. Ошол жылдары Карлагада жаңы дарылоо мекемелери ачылган. Мисалы, 1941-жылы 6-августта башкаруунун начальнигинин №651-буйрутмасы менен Жартастагы кайрадан ачылган медстационарга 220 орун, Макатайдагы психозоляторлук 50 орун ачылып, анда 112 адамдан турган дарыгерлердин 109 камактагылардын штаты бекитилген. Эмгек-түзөтүү лагерлериндеги

камактагылардын саны көбөйтүлгөнүнө байланыштуу Доминко жана Акмолдук бөлүмдөрүндө да санитардык штаттар кеңейтилген.

Камактагылардын ден-соолугун бекемдөөнүн жаңы түрү катары саламаттыкты сактоо бөлүмдөрү ачылган. ГУЛАГдыналдындагы саламаттыкты сактоо бөлүмү экинчи Дүйнөлүк согуштун алдында түзүлгөн, бул бөлүм ден-соолукту чыңдоонун мөөнөтү эки жума деп каралган. Эмгек лагерлериндеги ооруп калган камактагылардын ден-соолугун бекемдөөбир жылда бир гана жолу оорулууларга жогорку нормада тамактандыруу каралган.

